# А.Ж. ЖУМАЛИЕВ АТЫНДАГЫ ЖАЛПЫ ЖАНА БИООРГАНИКАЛЫК ХИМИЯ КУРСУ МЕНЕН БИОХИМИЯ КАФЕДРАСЫНЫН МАДАНИЙ–МАССАЛЫК, ТАРБИЯЛЫК ЖАНА КУРАТОРДУК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

Кафедранын профессордук-окутуучулар курамы жана студенттери окуу - усулдук жана илимий изилдөө иштери менен гана чектелбестен, окуудан сырткаркы учурларда ар кандай коомдук, маданий-массалык иштерге дилгирлик менен катышып келишүүдө. Кафедранын кызматкерлери окуу процессин сапаттуу жүргүзүү максатында жаш студенттерди моралдык жана тарбиялык жактан руханий аң сезиминин өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир берүүчү маданий-эстетикалык иш-чараларды уюштуруп келет. Тайпа кураторлору бекитилген кураторлук жылдык план боюнча кураторлук-тарбиялык сааттарын өз убагында аткарууда. Кафедра студенттердин шартын жана абалын эске алуу максатында студенттер менен жалпы жана жекече сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп келет. Окутуучулар жана студенттер факультеттин, академиянын, шаардын, башка ЖОЖдор жана көз карандысыз уюмдар тарабынан уюштурган ар кайсы багыттагы иш-чараларына активдүү катышууда.

Таланттуу жана спортко шыктуу, активист студенттерди кафедра өзгөчө эске алып, аларга ар тараптуу колдоо көрсөтүүдө. Маданий жана тарбия иштеринин негизги максаты коомубузда инсандын өз ордун табуусуна жана калыптануусуна багытталган. Бул иштердин негизги идеясы маданий мурастарды, элдик салт-санаалардын булактарын, адамзаттын улуулук, нравалык байлыктарын активдүүлүк менен жаштарга жеткирүүгө негизделет.

Кафедранын окутуучулары студенттер менен биргеликте маданий иш-чараларга арналган кечелерге активдүү катышып, ийгиликтерди багындырышууда. Студенттер күнү, Мугалимдер күнү, Жаңы жыл, 23-февраль Ата Мекенди коргоо күнү, 8-март аялдар күнү, Нооруз, 9-май Улуу жеңиш күнүнө карата ж.б. көптөгөн тарбиялык иш-чаралар жана сынактар өткөрүлөт. Биздин студенттер бир гана окуу-жайдын спорттук мелдештери менен чектелбестен, республикалык деңгээлдеги спорттук мелдештерде да жетишкендиктерди көрсөтүп келишет. Профессордук-окутуучулар курамы студенттерге таалим тарбия иштерин жүргүзүү менен бирге окуудагы ар

түрдүү маселелерин чечүүгө жакындан жардам берип келет. Кафедра мамлекеттик, шаардык жана университеттик маданий иш чараларга активдүү катышат.

# КУРАТОРЛОРДУН ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨРҮ



**Кафедра башчысы Махмудова Жылдыз Акматовна «Дүйнөнү сестенткен коронавирус» темасындагы кураторлук саат учурунда**



**Мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн биохимия курсу боюнча жалпы жана биоорганикалык химия кафедрасы КР Билим берүү жана илим министрлигинин И.К.Ахунбаев атындагы КММАнын II даражадагы дипломy менен сыйланган**.



**«Тилим барда улутмун, тилим менен улукмун» баарлашуу кечеси 1-курстагы дарылоо иши факультетинин 1, 2, 3, 36-тайпанын студенттеринин катышуусунда өттү**



**№1 дарылоо иши фак-нин 1-курсунун студенттери жана кафедранын кураторлору тарабынан “Тилим барда улутмун, тилим менен улукмун” чыгармачылык кечесинде таланттуу студенттердин калемине таандык ыр саптары угулду. Авторлор: Турганбаева Ш. «Тилим, дилим», «Ой»; Осоров А. «Жамгыр», Нурмамат уулу Т. «Энелердин жүрөгү”, «Балалык», «Чоң күнөөгө баткандар».**





**№1 дарылоо иши факультетинин 1-курсунун студенттери жана А.Дж. Джумалиев атындагы жалпы жана биоорганикалык химия курсу менен биохимия кафедрасынын кураторлору тарабынан улуттук баш кийим ак калпактын урматына Ак калпак күнү салтанаттуу белгиленди**



**Кафедранын доценти Дюшеева Бегимжан Муканбетовнанын чет элдик студенттер менен кереметтүү Кыргызстан жөнүндө маек куруп жаткан учуру**



**Доцент Турдубекова Айтбу Саипбакасовна келечектеги дарыгерлерди билим дүйнөсү менен тааныштырууда**




**Улук окутуучу Н.Ж. Баатырова менен "Болочок дарыгердин" этикасы жана деонтология жөнүндө аңгемелешүү**



**Ниязалиева Жамиля Карыпбековна чет өлкөлүк студенттердин арасында «Бүткүл дуйнөлүк жаштар күнүнө» карата кураторлук саат өткөрдү.**



**Улук окутуучу Абдылдаева Нурзат Эсенбековна келечектеги илимпозчулар менен КММАнын жарманкесинде**



**Н.Б. Акынбекова куратордук тайпалары менен биргеликте илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө**



**М. Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борборунун акад. М. Миррахимов атындагы Молекулярдык биология жана медицина институтунун лабораториясына экскурсия**



**Улук окутуучу Бектурганова Асел Орумбековна кафедрадагы студенттердин илимий кружогунун мүчөлөрү менен тажрыйба жүргүзүү учурунда**




**Улук куратор А.О. Бектургановanын студенттер менен Калпак күнүнө карата иш-чарага даярдыгы**




**9-май Улуу Жеңиш күнүнө карата өчпөс полкко катышуу**




**Ж.А. Махмудова студенттер менен Жеңиш күнүнө арналган салтанатта**




**Х.и.к. Аскалиева Нургул Ракыевна студенттер менен тамеки чегүү жана баңги заттарды колдонуунун зыяндыгы жөнүндө аңгемелешүүсү**




**Акынбекова Нуриза Болотовна тайпалар арасында**

**Ак калпак жана улуттук кийимдер күнүнө карата талкуу жүргүздү.**




**Окутуучу Таалайбекова Мээрим Таалайбекова чет элдик студенттер арасында "Студенттин өз алдынча окуу ишмердүүлүгү деген эмне?" аттуу кызыктуу талкуу жүргүздү.**

# МАДАНИЙ–МАССАЛЫК ИШ-ЧАРАЛАРГА КАТЫШУУСУ




**КММАнын «Көгүлтөр от» майрамдык салтанатына кафедранын жамааты «поппури» сценарийин аткарып, Гран-принин ээси болушкан.**




**Кафедранын айымдары Нооруз майрамында «Хан сарайдын бермети» аттуу корей элдик бий менен көрүүчүлөрдүн маанайларын көтөрүп, байгелүү орунду жеңип алышты.**



**КММАнын майрамдык кечесинде кафедранын бийкечтери «Танцор диско» аттуу сценарийлештирилген шаңдуу индия бийи менен көрүүчүлөргө эстен кеткис сезим тартуулашты.**




**КММАнын айымдары тарабынан 23-Февраль Ата мекенди коргоочулар күнүнө карата уюштурулган концерттик кечеге кафедранын айымдары «Смуглянка» аттуу бийи менен мекен коргоочулардын көңүлдөрүн шаңга бөлөштү.**



**Кафедранын кызматкерлери КР медицина кызматкерлер күнүн Төө-Ашуу тоо кыркасында жайгашкан КММАнын медициналык борборунда белгилешүүдө.**




**Кафедрадагы жаңы жылдык маанай**




**КММАнын кызматкерлеринин балдарына арналган**

**«Жаңы жылдык балаты»**



**Улук окутуучу Баатырова Нурайым Жумабековна жана**

**Кулматова Кулсана**

**“Манас” эпосундагы сюжеттердин медицинадагы орду иш-чарасын уюштуруу учурунда**




**Кафедрада манасчылардын Манас айтуу учурунда биохимиялык өзгөрүүлөрдү изилдеп келишет.**




**Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары илимий конференцияларда жана журналдарда жарыяланып келет.**




**Кафедрада "Манас" эпосун сактоо, изилдөө жана кеңири жайылтуу иш чарасы. Студенттер «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү угушуп, илимий изилдөө жүргүзүлдү.**



**2020 ж. 12-ноябрь күнү Манасчы Дөөлөт Сыдыков "Ала-Тоо" аянтында Гиннестин китебине кирүү максатындагы бир нече саатка пландалган «Манас» эпосун 14 саат 27 минут тынымсыз айтууда, манасчынын организминдеги биохимиялык өзгөрүүлөрдү изилдөөнү кафедранын жамааты жүргүздү**



**Нооруз - жаздын жана кайра жаралуунун майрамы.**



**Нооруз - арууулуктун, жаңылануунун жана тазалыктын майрамы**



**Кут толгон Нооруз майрамы**



**Кыргыздын улуттук сый тамактары**



**Ноорuz жаңы күндүн, жаңы жылдын башаты**



**Заманбап дүйнө менен тең тайлашып кафедранын кызматкерлери англис тилин үйрөнүүдө.**



**Кафедранын коногу Москва мамлекеттик медицина жана стоматология университетинин биологиялык химия кафедрасынын м.и.д., профессору Вавилова Татьяна Павловна менен кызыктуу баарлашуу.**



**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясынын Ардак грамотасы. И.К.Ахунбаев атындагы КММАнын А.Жумалиев атындагы жалпы жана биоорганикалык химия курсу менен биохимия кафедрасынын жалпы жамааты Кыргыз Республикасынын мамлетттик тилин өнүктүрүүгө кошкон зор салымы үчүн сыйланды.**



**«23-сентябрь КР Мамлекттик тили жөнүндө» мыйзамынын кабыл алынган күнүнө карата «Тилим жүрөгүмдө» аталышындагы иш-чарада «мыкты жамаат» номинациясына ээ болгондугу үчүн кафедра жамааты Ардак грамота менен сыйланган.**



**КММАнын ректору И.О. Кудайбергенова менен**



**Ж.А. Махмудованын Ош Мамлекеттик университеттин көп профилдүү виртуалдык клиникасына иш сапары**




**Ж.А. Махмудова Ош мамлекеттик университеттин көп профилдүү виртуалдык клиникасынын кызматкерлери менен**